жоголбойт»[1] - ошондуктан, элдин оозеки чыгармачылыгы болгон бата тээ байыртадан бери эле элдин кулк мүнөзүн адептик-ыйманга тарбиялоодо, маданиятын калыптанышына, эне тилдин баюусуна негизги кызматты өтөп келген.

**Бата – бул инсандын адеп-ахлактык өнүгүүсүн калыптандыруучу улуу сөз. Ак калпак кыргыз элинин Ааламдык ак батасы, адеп-ахлагы жалпы адамзаттык кенч болсун!**

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Закиров С. Кыргыз элинин макал жана лакаптары Фр. 1968-ж.
2. Ж. Орозобекова «Айтуучулук өнөрдүн эволюциялык тарыхы» Бишкек 2004-ж.
3. Педагогиканын тарыхы. Мектеп -1971-ж.
4. “Манас” эпосу 1-2-3-том 2000-ж.
5. Ч.Өмүралиев “Теңирчилик” 20018-ж.
6. Х.Карасаев “Терминологиялык сөздүк”
7. Элдик чыгармалар Фрунзе 1989-ж.


УДК:82.01




**Чокоева Дилбар Маматкуловна**
ф.и.к., доцент, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абадмамлекеттик университети
**Чокоева Дильбар Маматкуловна**
к.ф.н., доцент, Джалал-Абадский государственный университет им. Б. Осмонова
**Chokoeva Dilbar Mamatkulovna**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor, Jalal-Abad State University. B. Osmonova


## ЖАЗУУЧУ К.АКМАТОВДУН УЛУТТУК РУХАНИЙ ЖААТТА ИЗДЕНҮҮЛӨРҮ

## ПОИСКИ ПИСАТЕЛЯ К.АКМАТОВА В НАЦИОНАЛЬНОЙ ДУХОВНОЙ СФЕРЕ

## WRITER K. AKMATOV’S QUEST IN THE NATIONAL SPIRITUAL SPHERE

**Аннотация:** Макалада адамзаттын руханий эволюциясы ааламда кантип башталып, кантип өнүгүп жүрүп отургандыгына кыскача ракурс жасалуу менен, оккультизмдин, сыйкырчылыктын айрым табышмактары физика илиминде кантип чечмеленип жаткандыгы жөнүндөгү жаңы илимий маалыматтар берилет. Бул маалыматтар аркылуу макаланын автору, Кыргыз эл жазуучусу К.Акматовдун “Архат” романындагы  сыйкырчылык кубулуштардын

[1] Ж. Орозобекова «Айтуучулук өнөрдүн эволюциялык тарыхы» Бишкек 2004-ж. 3-бет

илимий түшүндүрмөлөрү бар экендигин далилдөөгө аракет кылат. Башкача айтканда, К.Акматовдун трактовкалоосундагы тибеттин реинкарнация боюнча философиялык көз караштарын, физиктердин дүйнө түзүлүшүн кванттык физиканын мыйзамдары боюнча түшүндүрүүлөрү менен салыштырып карап, алардын айырмачылыктары эмнеде экендигин көрсөтөт. Ошондой эле, мына ушул көмүскө сырлар (динде, илимде жана К.Акматовдун “Архат” романына катылган) “Манас” эпосунда дагы бар экендигин философ Ш.Акмолдоеванын эмгектерине таянуу менен көрсөтөт.

**Негизги сөздөр:** материя, идея, реинкарнация, субстанция, Сөз, кванттык физика,убакыт, мейкиндик, А.Эйнштейн, К.Акматов

**Аннотация:** В статье излагается краткая перспектива того, как духовная эволюция человечества началась и развивалась во Вселенной, а также представлена новая научная информация о том, как некоторые загадки оккультизма и магии интерпретируются в физике**.** На основе этой информации автор статьи пытается доказать, что существует научное объяснение магических явлений в романе кыргызского народного писателя К. Акматова «Архат». Иными словами, трактовка К. Акматовым тибетских философских взглядов на реинкарнация, сопоставление интерпретаций миропорядка физиками с законами квантовой физики, показывает их различия. Также, полагаясь на научные исследования философа Ш.Акмолдоевой, автор показывает, что и в эпосе «Манас» присутствуют эти загадки (сокрытые в религии, науке и в романе К. Акматова «Архат»)

**Ключевые слова:** материя, идея, реинкарнация, субстанция, Слово, квантовая физика, время, пространство, А. Эйнштейн, К. Акматов**.**

**Annotation:** The article provides new scientific data on how certain mysteries of occultism, magic are interpreted in physics, with a brief overview of how the spiritual evolution of mankind began and developed in the Universe. Based on this information, the author of the article tries to prove that there is a scientific explanation of magical phenomena in the novel by the Kyrgyz national writer K. Akmatov "Arhat". In other words, K. Akmatov's interpretation of Tibetan philosophical views on reincarnation, comparison of the interpretations of the world order by physicists with the laws of quantum physics, shows their differences. Also, referring to the scientific research of the philosopher Sh. Akmoldoeva, the author shows that the epic "Manas" contains these riddles (hidden in religion, science and K. Akmatov's novel "Arhat").

**Key words:** matter, idea, reincarnation, substance, Word, quantum physics, time, space, A. Einstein, K. Akmatov.

Адамзат адамдык аң-сезимге ээ болгондон бери карай бүгүнкү күнгө чейин: Адам деген ким? Ал өзүн-өзү акырына чейин ача алабы, түшүнө алабы? Өзүнүн Ааламдан алган ордун аныктай алабы? Анын жашоосунун мааниси эмнеде? Анын колунан эмне келет, эмне келбейт? Биринчилик материя тараптабы же идеядабы? Бүт адамзаттын коомдук тарыхы ушул күрөштүн тараптарынын (идея менен материянын) жеңиши менен жеңилишинин кезектеринен тураарын элдин баары түшүнүп бүткөн убак. Платонизмде (байыркы Грециянын философиялык-диний рефлекциясынын туу чокусу) дене менен духтун дуализми, дух субстанциясынын өлбөстүгү жана материалдуу дүйнөнүн кыйроосу жана кайра калыбына келбеши абдан терең иштелип чыгат. Пифагорчулардын жандын көчүп жүрүүсү

турасындагы концепциясы менен орфизми[2] дагы ушул дуализмге негизденген. Жана изилдөөчүлөрдүн, Пифагор бул идеяны чыгыштан алган болсо керек - деген болжолдоосунун ырас экендигин: чыгыштагы реинкарнация идеясынын илим-билим өнүккөн бүгүнкү заманда да байыркы калыбынан жазбай өнүктүрүлүп келаткандыгы, жандын айланма жолу ("өмүр айлампасы" сансара) жөнүндөгү концепция башынан чыгыштан үрөн алып, ошол жакта өнүккөн дүйнө тааным экендигин тастыктайт. Европада, Платондон башталган: өлбөс субстанциянын бардыгы жөнүндөгү концепция неоплатончулар аркылуу Иисус Христостун өлгөндөн соң тирилүү мүмкүндүгү жөнүндө идеясынын келип чыгышына (көптөгөн окумуштуулар христианчылык бул идеяны теңирчиликтен алгандыгы жөнүндө да айтып келишет) алып келди да, накта метафизикалык чындык (материялдуу негизи жок, фактысы күмөндүү, адамдардын аң-сезиминде пайда болгон ойдун чындык сыяктуу кабылданышы) бүткүл ааламдын жарымына өз жарыгынын нурун "чача" баштады. "Иисус тирилип келип, адамзатты куткарып калат"- деген ишенимге ишенүүчүлөрдүн санынын өтө көп болушу жана эки миңден ашуун жыл жашап келатышы, бул кандайдыр, көзгө көрүнүп турган объективдүү чындык болбосо да, ошого тете жашоочу күчкө ээ ааламдык дагы бир субстанциянын, же, мыйзамдын бар экендигинен кабар берет. Ал күч, мыйзам эмне аркылуу көрүнүшү мүмкүн эле? Албетте Сөз аркылуу. "Адегенде Сөз болгон" деген библиялык фразанын чындыгы, демек, табияттын конкреттүү өнүгүү мыйзамдарына тете орду бар, бирок бардык жерде көзгө көрүнүп-көрүнбөй, көңүлгө илинип-илинбей "бураңдаган" илме-кайып чындыкты жарыкка чыгарууга Сөздүн гана кудурети жете тургандыгы жогорудагыдай туюк формада Библияда чагылдырылса, кийинки кезде өнүгө баштаган кванттык физика ал чындыкты илимий жактан негиздеп берүүнүн босогосуна келип калган сыяктанат бир карасаң. Физиктердин моюнга алуусуна караганда, буга чейин, окумуштуулар кванттык физика болбогонду болтураарын аныктап, бирок, анын себептерин али табыша элек болушса, азыркы, эң акыркы мезгилдин окумуштуу-физиктери, ал сыр табылгандыгын жар салышууда. Мисалы, кванттык механикада "кванттык чатыраш" ("квантовая запутанность") деген түшүнүктүн бар экендиги. Ал Н.Бордун: "Две частицы могут запутаться друг с другом, если они находятся близки" деген ачылышынан башат алат (негизи: кванттык механиканын ачылышынын башында Макс Планк турат)[3]. Бул "чатыраш" боюнча атактуу физиктер, классикалык механиканын адепты А.Эйнштейн менен али белгисиз кванттык ыктымалдуулук жөнүндө, эч ким тарабынан таанылa элек физикалык мүмкүнчүлүктөрдүн бардыгы жөнүндө ойлоно баштаган Н.Бордун ортосунда антогонисттик келишпестик пайда болот. Эйнштейн: "... эгерде, бир жуп кол капты экиге бөлүп, эки башка чемоданга салып, бирин Антарктикага алып кетип, экинчисин мага калтырса, аны ачпай туруп, мен билем: мендеги чемоданда, оң же сол колдун кабы жатат. Жана дайыма ушундай болот. Эми аны өзгөртүү мүмкүн эмес. Себеби, ал буга чейин, кол каптарды эки бөлгөндө аныкталган жана ал чындыкты өзгөртүүчү кандайдыр бир күч болушу мүмкүн эмес" деген. Чындыгында муну билиш үчүн Эйнштейн болуштун кереги жок, анткени, бул ушунчалык жөпжөнөкөй нерсе турбайбы, мындай деңгээлде биз деле ойлоно алабыз – дейбиз да туурабы? Бирок, физикада бир эле Эйнштейн аракеттенип-изденген эмес, ошол, башка физиктер, дүйнөнүн түзүлүшү, ааламдын физикалык түзүлүшү боюнча түшүнүгү

[2] Пифагор соединил философию о божествах с различными культами, одному научившись у орфиков, другому у египетских жрецов, третьему – у халдейских жрецов и магов, четвертое позаимствовав из мистерий (Мистерия-тайные священнодействия, таинства)(Пифагор.Золотой канон.Фигуры эзотерики.М., «ЭКСМО-Пресс»2001).

[3] Бирок ал озунун ачылышын озу кабылдаган эмес

тереӊ эмес, мага окшогон башка профессиянын адамдары эле эмес, физика илиминин "аталарынын" бири А.Эйнштейн өзү ойлонгондон да алда-канча татаал экендигин "кванттык чатыраш" закону, эки кванттык бөлүкчөнүн[4] жөнөкөй көзгө көрүнбөгөн, кандайдыр бир, сырттан эмес, ички, эгерде философиялык термин менен атай турган болсок иманенттик байланыш аркылуу бири-бирине таасир этип, бири-бирин өзгөртөөрү логикага сыйбаган, "сыйкырдуу" дүйнөдөй көрүнгөн кереметти жаратаарын байкашкан... "А.Эйнштейндин катачылыгы – дешет, азыркы физиктер, анын бардык нерсени убакыт менен мейкиндикке байлап түшүндүргөндүгүндө, а чындыгында убакыт, мейкиндик бирдиктеринен сырткары табияттын көп мыйзамдары жашайт да". Ал эми убагында Жон Клаузер деген аспирант кванттык физика боюнча экзамен тапшыра албай жүрүп, китепканадан, ирландык белгисиз физик Жон Белл дегендин эмгегине тушугат. Аспирант: Жон Белл эмгегинде: кванттык эки бөлүкчөнүн өз ара аракетин теориялык жактан тереӊ иштеп чыгып, маселени эксперименталдык текшерүүлөргө мүмкүн экендигине чейин аныктап койгондугун байкайт. Кийин европалык окумуштуулардын бир нече топтору, ар кимиси ар жерде, өз алдыларынча, кванттык эки бөлүкчөнү жакынкы аралыктан баштап, алардын аралыгын улам алыстатып эксперимент жүргүзүп отуруп, алар ал тургай бири марста, экинчиси жерде болсо да бири-бирине жарыктын ылдамдыгынан алда канча ылдам кабар жеткире ала тургандыгын, ошончолук алыстыктан бири экинчисинин кыймыл-аракетине, сапатына таасир эте алышаарын аныктап чыгышкан. Бул, албетте, А.Эйнштейндин салыштырмалуулук теориясына карама-каршы келген. Себеби, ал теориясында жарыктын секундуна 300 миӊ км ылдамдыгы акыркы чек деп караган. Ал эми Н.Бор болсо, өзүнүн "кванттык чатыраш" тууралуу теориясында: эки жанаша жайгашкан кванттык бөлүкчө бир-биринин кыймылына таасир этерин, жана ал таасир материалдык жашоонун мыйзамченемине сыйбаган "кокустуктай" көрүнгөн жыйынтыктарды берерин байкаган. А Эйнштейн буга ишенген эмес (ал тургай бул жаатта өзү байкаган көрүнүштөрдү өзү четке кагып койгон). Анын себебин жогорудагы келтирилген кол каптар боюнча мисалы менен аныктап: "Бог не играет в кости" деген, белгилүү фразасын айтат. Ал эми Н.Бор буга: "Перестань указывать Богу, что ему делать" деп жооп берет. Эгерде "Бүткүл дүйнө элементардык бөлүкчөлөрдүн салыштырмалуу аз сандагы типтеринен турат. Бул бөлүкчөлөр өз кезегинде универсалдуу элемент, Ааламда көзгө көрүнгөндүн бардыгынын курулуш куму болуп кызмат кылат"[5], анда, табияттагы сыйкырдын баарынын сыры ушунда, бүт дүйнөдөгү бөлүкчөлөр, бири-бири менен акыл-эс, илим азырынча түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүгү жете элек бир күч, же, башкача айтканда, транценденттик жол менен байланышта болуп, өзүнүн реалдуулугун жараткандыгында экен да. Жарыктын секундуна 300 миӊ км ылдамдыгына алымсынбаган жана атайын байланышсыз, алыскы аралыкка энергияны "ыргытуу" аркылуу өткөрүп берүү жөнүндө кыялданган ааламга аты-жөнү белгилүү дагы бир физик-окумуштуу, бул Николь Тесла болгондугун эске алсак, кванттык энергия боюнча ачылыштар физиканын "атасы" А.Эйнштейнди тирүүсүндө эле провинциалга айландырганын көрүүгө болот. Ал эми кийин кыргыз физиги С.Кадыров мындай деп белгилеген: "Эгер бөлүкчөлөр бирдиктүү фундаменталдык талаанын кванттары болсо, анда, алар, өз ара аракеттенүүнүн бардык типтеринде катышат". Ошентип, сөз жана анын кудурети жөнүндө кеп баштап баратып, кванттык физиканын тегерегиндеги

---

[4] «… самый крошечный кусочек энергии называется квантом», потому что «энергия излучается порциями» М.Планк

[5] Кадырова Д. Унгу талаа таануу. Б.: 2014, 105-106-б.

физиктердин талаш-тартышына өтүп кеткенибиздин себеби, дал ушунда: дүйнөдө магиялык, же, метафизикалык реалдуулук кантип жаралары, анын түпкүрүндө эмне жаткандыгы жөнүндөгү маселеге алдын жетишинче ачыктык берүүдө болуп эсептелет. "... Экинчи бир чоң духту адамдар сөздөн алышкан. Анткени, сөздө кудай тарабынан жиберилген өзгөчө энергия-күч бар деп эсептешкен. Адамдар, Аалам менен Жердин ортосунда көзгө көрүнбөгөн энергия бар экендигин сезишкен (жогорудагы С.Кадыровдун сөзүндөгү "бөлүкчөлөрдү" байыркы адамдар "мифологемдик аң-сезим" менен сезишкендиги жөнүндө сөз болууда – Ч.Д.) жана ал "энергияларды башка бир каражаттардын (түрдүү ырым-жырымдардын) жардамы менен кабылдашкан. Сөздүн таасирин күчөтүү максатында көзү ачыктарга, дербиш, дубана, олуяларга кайрылышкан"[6]. Демек, Сөздүн, ар түрдүү ритуалдардын (сөз катышкан) адамдарга берип жаткан таасиринин түпкүрүндө жогорудагыдай кванттык физиканын мыйзамченемдүү касиеттери жаткандыгы, ал байыркы адамдар тарабынан алгач оккульттук илим катары пайда болуп (дүйнө кванттык бөлүкчөлөрдөн турат жана ал кванттар бири-бири менен ортодогу аралыктарга карабай чатышта (катышта) болот деген-азыркы физикалык ачылыш), адамды, коомду азыркыдай даражага жеткирүүдө, өнүктүрүүдө кадимкидей өзүнүн функциясын аткаргандыгын, жана анын, элдин аң-сезиминин бир бурчунда эмгиче сакталуу тургандыгынын себептери кванттык механиканын ачылыштары менен көбүрөөк түшүндүрүлө тургандыгынан улам болууда. Анткени, "Кванттык чатыраш" жана анын натыйжалары, адамдар тарабынан ачылганга чейин деле жаратылышта "ал" дайыма "бар" болуп келген да. Же, тагыраак айтсак, оккульттук илимпоздор (аларды ар бир эл өзүнчө аташкан, бирок, эч ким илимпоз деген эмес – Ч.Д.) аны, интуициялык деңгээлде болсо да сезишкен жана натыйжаларын пайдаланышкан. "Гендер теориясынын өнүгүшү менен түйүлдүктүн өсүүсүнүн бардык процессинде негизги ролду күчтүүлөрдү эң мыкты касиеттери менен табыйгый тандоонун макропроцесси эмес, клетканын өзүнүн тереңинде аракеттенген "физика-химиялык байланыш" ойнору так түшүнүктүү боло баштады. Кайсы бир жерде цитоплазма менен бир жагынан генетикалык аппараттын ортосунда жана цитоплазма менен башка жагынан тышкы чөйрөдөн алынчу маалыматтын ортосунда Жогорку интеллект камтылган. Окумуштуулар биохимиялык сигналдар "механикалык" маңызды эмес, талаа энерго-маалыматтык маңызды өзүнө камтырына бекем ишене баштаганы кокусунан эмес" [1,118] жана дагы "Эгер Бирдиктүү Талаа жана Дүйнөлүк Акыл-эс бар болсо, анда генетикалык мутациялар жана планетада Жашоонун жаралыш процесстери **материянын терең физикалык өз ара аракетинин жана зарыл талаа маалыматы менен алмашуунун пайдубалына курулган деп болжолдоого болот**"(ошондо). Ушул жана башка келтирилген мисалдардан, жаратылыштагы жана адам турмушундагы күтүлбөгөн натыйжалар, чындыгында, күтүлбөгөн эмес, материянын терең түпкүрүнөн келип чыккан күтүлгөн эле натыйжалар болорун түшүнүүгө болот. Ошентип, "кокустук" деген болбойт деген көз караштын тереңдеги чындыгында (а үстүрттөн караганда көп нерсе "кокустуктай" көрүнөт эмеспи), ааламдын жана анын кичинекей бир бөлүкчөсү болгон: адам мээсинин эң түпкүрүндөгү, жогоруда физиктер айткандай: "химиялык-физикалык байланыштардын" натыйжаларында жаткандыгы илим тарабынан барган сайын аныкталууда. Ошондуктан, ар бир элдин өзүнүн алкоо, бата берүү, же, "тескери" бата кылуу, каргоодон баштап, түрдүү кырдаалдарда колдонуучу сакралдуу сөздөрү болгон жана аларды бүгүнкү күнгө чейин

[6] Акжолов А. "Дух моралдык категория катары" "Акыйкат" 10.10.2018

саналуу гана адамдар билип (алар убагында интуиция аркылуу туюп-сезген, кийин илимге таянылып аныкталган “физикалык энергомаалыматтык маңыз” жаткандыгын), ал эми калган элдин баары аң-сезимсиз түрдө, же көнүп калган адат боюнча колдонуп келишет. Эң негизгиси, көз көрүнөө, бизге аралашып жүргөн табияттагы кванттык сырды көрүш үчүн адамдар да физиктер сырын ачкан кванттык эки бөлүкчө бири-биринен сырын тарткан убакта пайда болгон супер позициялык абалда болуш керектигине кыргыз эл жазуучусу К.Акматов “Архат” романында бир канча ирет токтолот. Мисалы, тибеттиктер сырдуу дүйнө толтура деп тапкан орундан (кыязы, “физикалык энергомаалыматтык маңыз” жыш топтолгон жерден – деп айтсак болот го – Ч.Д.) американка Софи цивилизациянын карааны да жок, бирок, ошол, “цивилизациялуу” өлкөлөрдөн келген адамдардын таштаган калдыктарынан улам “жүдөмүш” көрүнгөн табияттан башка эч нерсе көрө албай, ошонусу менен тургид Цезарды аябай убарага салат: “–Эч качан! – деди Софи күтүлбөгөн жерден Цезарга орой жооп берип. –Бул жак европалыктар келчү жай эмес экен. Силер көрсөткөн ыйык, сырдуу деген нерселердин бардыгы суу кечпеген сандырак”. Ошентип, сырдуу дүйнөнүн сырын түшүнүш үчүн адам Ааламга карата супер позицияда турушу керек болсо, цивилизация адамзатты андай зарылдыктан мүмкүн болушунча алыс алып кеткендигин, ошондуктан, тибеттиктер (дегеле Чыгыш дүйнөсү) түпкүрдү түшүнүп турушса, европалыктар “уч жакты” гана карманып калышкандыгын, ал эми “Алтын ортолукта” турган Евроазия мейкининин адамдары дагы акырындык менен ошол “учту” көздөй “жылып” жатышкандыгын, кыргызстандыктарга Адилет-Миларепанын көзү менен “карап”, бул маселеде, жердештеринин “наадандык” деңгээли канчалык экендигин, жазуучу К.Акматов “Архат” романында тереңден ачып берет. Мындай касиет-сапаттар “Манас” эпосунун саптарында терең катылган жана аны “ачуу” оңойго турбайт, тагыраак айтканда, эпосту терең түшүнүү үчүн “өзгөчө атайын абал” (супер позиция) керек деген пикирин философ Ш.Б.Акмолдоева төмөндөгүчө айткан: “Лингвистикалык жана этимологиялык талдоосуз “Манас” эпосун айтуучулардын (же манасчылардын) дүйнөтаанымын калыбына келтирүүгө жасалган ар кандай аракет ойдон чыгарылган, жасалма жана үстүрттөн болуп калуу коркунучунун чегинде жашайт. “Манастын” көркөм текстинин ар бир сабында, ыр-түрмөк катмарларында көптөгөн жашыруун ой-туюмдар, белгилер жана өзүнчө түшүнүү коддорун талап кылган маани-мазмун катылгандыгы, бул болсо анын экзотерикалуулугун, башкача айтканда, адамдардын кеңири чөйрөсүнө багытталган жана ошондон улам анда аныкталган руханий баалуулуктар менен катар нормалардын кыйла даражада элге түшүнүктүү маңызынан тышкары, анын эзотерикалык, б.а. жашыруун, көмүскө, “терең маалыматтууларга” гана арналган мааниси жөнүндө бүгүн айтуу зарыл болуп турат” [2,4].

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Кадыров Д. Уңгу талааны таануу Бишкек-2014
2. Акмолдоева Ш. “Манас” ааламы” Б.: “Илим” 2003.